DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-152-157
УДК: 81*35:616.89-008.435.3

***Касымбекова Н. Ж.**, филол. илимд. канд.*
*e-mail: nurida.kasymbekova@mail.ru*
*И. Арабаев ат. КМУ*
***Алымбаева З. А.**, филол. илимд. канд., доцент*
*e-mail: zarul1982@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-6380-6496*
*Ж. Баласагын ат. КУУ*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# ДИСГРАФИЯ – ЗАМАНБАП КООМ КӨЙГӨЙҮ

*Акыркы мезгилдерде жалпы кеп маданиятынын кескин начарлаганы байкалат, бул тилчилерди гана эмес, өлкөсүнө, башкача айтканда, эне тилине кайдыгер карабаган ар бир жаранды ойго салат. Орфографиялык, пунктуациялык, кептик каталар тексттин маанисин түшүнүүдө тоскоолдук жаратат деп эсептелет. Ошондуктан бул изилдөөнү жүргүзүүгө тегерете курчаган каталар түрткү болгон. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, буга коомдогу чөйрөнүн таасири себепкер. Каталар каптаган коомго айланганыбыз – турмуш чындыгы. Демек, изилдөөнүн объектилери: окуу китептери, массалык маалымат каражаттары, көрнөк-жарнактар. Изилдөөнүн предмети: орфографиялык, пунктуациялык, стилдик каталар. Колдонулган ыкмалар: маалыматты топтоо, илимий адабияттар менен иштөө, каталарды талдоо. Иштин максаты: катталган каталарды комплекстүү изилдөө. Мындан тышкары, мындай сабатсыздык психикалык аномалиялык абал дисграфия менен байланышта каралып, окумуштуулардын аныктамасы менен бышыкталат.*

***Түйүндүү сөздөр:** дисграфия, жазуу көндүмдөрү, акустикалык, артикулятордук, оптикалык, аграмматикалык белгилер, чөйрөнүн таасири, "майып" сөздөр, аудио-визуалдык каталар, сынык терезелер теориясы.*

***Касымбекова Н. Ж.**, канд. филол. наук*
*e-mail: nurida.kasymbekova@mail.ru*
*КГУ им. И. Арабаева*
***Алымбаева З. А.**, канд. филол. наук., доцент*
*e-mail: zarul1982@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-6380-6496*
*КНУ им. Ж. Баласагына*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

# ДИСГРАФИЯ – ПРОБЛЕМА СОВРЕМЕННОГО ОБЩЕСТВА

*В последние годы наблюдается резкое снижение общей культуры речи, что заставляет задумываться не только лингвистов, но и каждого гражданина. То есть это должно волновать каждого гражданина неравнодушного к своей стране, к родному языку. Орфографические, пунктуационные и словесные ошибки считаются препятствием для понимания смысла текста. Это исследование было мотивировано сопутствующими ошибками. По мнению исследователей, это связано с влиянием социальной среды. То, что мы превратились в общество полное ошибок – это факт жизни. Поэтому объекты исследования: учебники, СМИ, рекламные щиты. Предмет исследования: орфографические, пунктуационные, стилистические ошибки. Кроме того, это невежество рассматривается в связи с психическими отклонениями (дисграфией) и подтверждается определением ученых.*

***Ключевые слова:*** *дисграфия, навыки письма, акустические, артикуляционные, оптические, аграмматические знаки, влияние среды, «инвалидные» слова, аудиовизуальные ошибки, теория разбитого окна.*

***Kasymbekova N. J.**, cand. of philol. science*
*e-mail: nurida.kasymbekova@mail.ru*
***Alymbaeva Z. A.**, cand. of philol. science, docent*
*zarul1982@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-6380-6496*
*KNU named after J. Balasagyn*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# DYSGRAPHIA IS A PROBLEM OF MODERN SOCIETY

*In recent years, there has been a sharp decline in the general culture of speech, which makes us think not only to linguists, but also to every citizen who is not indifferent to his country, that is, to his native language. Spelling, punctuation and verbal errors are considered an obstacle to understanding the meaning of the text. This study was motivated by concomitant errors. According to researchers, this is due to the influence of the social environment. That we have become a society full of mistakes is a fact of life. Therefore, the objects of study: textbooks, media, billboards. Subject of study: spelling, punctuation, stylistic errors. Subject of study: spelling, punctuation, stylistic errors. In addition, this ignorance is considered in connection with mental deviations (dysgraphia) and is confirmed by the definition of scientists.*

***Key words:*** *dysgraphia, writing skills, acoustic, articulatory, optical, agrammatical signs, environmental influences, disabled words, audiovisual errors, broken window theory.*

Оорулардын эл аралык классификациясына **дисграфия** деген оору катталган. Дисграфия (байыркы грек сөзү: δυσ – терс маанини туюндурган мүчө, γράφω – «жазамын») – жазуунун бузулушу, ката жазуу. Тийиштүү адабияттарда бул термин ар түрдүүчө талданып жүрөт. Алардын айрымдарынан мисал келтирели.

Р. И. Лалаева (1997) төмөнкүдөй аныктама берет: "Дисграфия – бул жазуу процессине катышкан психикалык милдеттердин калыптанбоосу менен шартталган, кайталанган, туруктуу кетирилген каталар аркылуу аныкталуучу жазуу процессинин жарым-жартылай бузулушу, т. а., тамгалардын ордун алмаштырып жазуу, айрымдарын жазбай кетүү же ашыкча тамга кошуп жазуу. Каталардын үстүндө иштөө ыкмасы жардам бербейт".

И. Н. Садовникова (1995) дисграфияны жазуунун жарым-жартылай бузулушу деп түшүндүрүп, дайыма кайталануучу туруктуу каталарды оорунун белгиси катары карайт.

А. Н. Корнев (1997, 2003) дисграфияны интеллектуалдык жана кептик өнүгүүнүн

жетишерлик деңгээлде экендигине жана көрүү, угуу мүчөлөрүндө оор кабылдоолордун жоктугуна карабастан, графика эрежелерине ылайык жазуу көндүмдөрүн өздөштүрө албоочулук деп эсептейт [1].

Л. Г. Парамонованын 2000-жылы Санкт-Петербургдагы “Здоровье” аттуу психологиялык-педагогикалык борбордо жүргүзгөн изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча, жалпы билим берүүчү мектептеги окуучулардын 55%ында тигил же бул деңгээлдеги дисграфиянын белгилери (акустикалык – 10,5%; артикулятордук-акустикалык – 16,7%; тыбышты анализдөө жана синтездөөнүн калыптанбагандыгына байланыштуу – 25%; оптикалык – 45,8%; аграмматикалык – 55,5%) байкалган [2].

Анын пайда болуу себептери тууралуу бирдиктүү пикир жок. Советтик невропатолог Ткачевдун айтымында, ага начар эс тутум себепкер, б. а., тамга, тыбыш, муундарды жакшы эстеп калбагандыктан, жазууда ката кетирет. Бул патологияны психиатр С. Мнухин алкоголизм, психопатия, талма сыяктуу тукум куума факторлор менен байланышта карайт [3].

Бүгүнкү күндө үчүнчү себеп да каралууда. Бул – биздин коомдогу чөйрөнүн таасири. Каталар каптаган коомго айланганыбыз – турмуш чындыгы. Кайда караба, кайсы бир “мүчөсүнөн” (тамгасынан) ажыраган, жан кейиткен абалдагы “майып сөздөр”. Демек, көрүү аркылуу эске тутуу фактору каталардын өтө тездик менен көбөйүшүнө шарт түзүүдө. Психолог-окумуштуулардын айтымына караганда, бала сөздү бир жолу ката жазса, эс тутумуна катталып, колу сөздүн туура эмес графикалык образын жадында сактайт. Анткени эксперименталдык изилдөөлөр көрсөткөндөй, салыштырмалуу аз кездешкенине карабастан, адам баласы ката текстти эстеп калууга жөндөмдүү болот. Муну “25-кадр” аттуу кызыктуу методиканын таасирине байланыштырса болот (“25-кадр” – тасма жана видеолордун ортосуна кошулган, атайын иштелип чыккан, адамдын аң-сезимине таасир берүүчү үзүндүлөр) [4].

1927-жылы окумуштуу Л. В. Щерба мектеп партасындагы боштуктарды изилдеп, мындай деп жазган: “Сабатсыздык мектеп чегинен чыгып, коомдук көйгөйгө айланды, тезинен чара көрүп, алдын алуу зарыл” [5, 56-б.]. Л. В. Щерба ал кезде мунун кылымга тете убакыттан кийин деле актуалдуу болорун ойлобосо керек. XX кылымдын башындагы сабатсыздыкты актоого мүмкүн болсо да, бүгүнкү күндөгүсүн нормадан четтөө, коомдун өнүгүшүнүн патологиясы деп гана түшүндүрүүгө болот. Бул өңүттө ойлондура турган маселе – жарандын, коомдун мүчөсүнүн сабатсыздыгы үчүн уялып, намыстанбашы. Блог, чат же форум, газета, журнал, кулактандыруулар, кээде илимий макалалардан да каталардын түрлөрүн табууга болот:

- орфографиялык;
- пунктуациялык;
- морфологиялык-стилистикалык;
- грамматикалык-синтаксистик каталар.

Бизди курчаган, билинбей мээсибизге сиңген каталарды “өндүрүүчү” тармактар тууралуу сөз кылалы:

**1-орунда окуу китептери турат.** “Ишенген кожом сен болсоң...” демекчи, сабаттуулукка үйрөтүүчү мектептердеги окуу китептериндеги каталар бир нече жылдан бери коомдук талкуу жаратып, дале жарытылуу чечилбей келет. 2019-жылы “Булан институту” Женевада “Кыргыз Республикасындагы мектептердин окуу китептери менен камсыз болушу” аттуу баяндамасын жарыялаган. Бул эмгекте окуу китептерин басып чыгаруудагы жалпы ченемдер, эрежелер, жоопкер тараптар жана каталарга терең талдоо жасалган. Баяндамада: “Каталар акыркы 10-15 жыл аралыгында туруктуу мүнөзгө ээ болду. Кыргызстан окуу китептерин басып чыгаруу боюнча ишенимдүү

система түзө алган жок. Мисалы, 2018-2019-окуу жылында ката басылган география жана табият таануу китептери сапатсыз чыгарылгандыгы үчүн бюджетке **32 749 000 сом** зыян келтирилген. Ал эми ката жазылган **95 000 даана** аттестатты кайталап басуу үчүн **1 916 000 сом** жумшалган", - деп жазылат [6].

**2-орунда массалык маалымат каражаттары турат.** Социолог Н. Лумандын пикиринде, бүгүнкү күндө дүйнөтааным ММКлар аркылуу калыптанат. Статитистикалык маалыматтардын бирдиктүү мамлекеттик регистриндеги маалыматтарга караганда, акыркы бир жылдын аралыгында жаңы катталган ММКнын саны 3%га өскөн. Изилдөөгө таяна турган болсок, дүйнө жүзүндө 5 млрд адам телевизор көрөт жана бир күндө 1-6 саатка чейинки убактысын жумшайт [7]. Демек, телеберүүлөр – бийликтин же маалыматтык диктат жүргүзүүнүн куралы эле эмес, социумга, анын ичинде ар бир адресатка когнитивдик таасир тийгизүүчү, б. а., өзгөчө дүйнөтаанымды калыптандыруучу ыкма. Анткени маалыматтык саясаттын максаты – идеологиялык иш жүргүзүү. Аны менен катар массалык маалымат каражаттары адабий тилдин нормасынын калыптанышына олуттуу таасир тийгизет. Алгач гезиттер пайда болгондо, справочник, сөздүктөрдүн милдетин аткарса, дикторлордун сөзү кеп маданиятынын эталону катары саналган. Бирок бүгүнкү күндө ММКлар тилдик эрежелерди өзгөртүүгө "салым кошкон" аудио-визуалдык каталардын чордонуна айланууда.

2019-жылдын февраль айынан сентябрь айына чейин "КТРК. Ала-Тоо – 24", "ЭлТР", "НТС", "5 канал" сыяктуу аудиториясы кеңири телеканалдардын кечки жаңылыктарындагы жүгүртмө саптар текшерилип, орфографиялык каталары аныкталган жана тийиштүү негиздемелер берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгында антирекорддук көрсөткүч менен "5-канал" алдыга озуп, ар бир 11 секундада 1 ката кетирери аныкталган. 41 секундада 1 ката кетирип, "КТРК. Ала-Тоо – 24" 2-орунду камсыздаган. Ал эми "НТС" телеканалы ар бир 106 секундада 1 ката кетирүү менен 3-орунду ээлесе, 210 секундада 1 катага жол берүү менен "ЭлТР" 4-орунду ээлеген. Демек, салыштырмалуу "ЭлТР" телеканалында абал жакшыраак десе болот.

ММКнын, Интернет тармактарынын индивиддин кептин таанып-билүүсүнө терс таасир тийгизерин тастыктаган эмгектер бар. Ааламдашуу шарапаты менен инсандын эркин баарлашуу аянтчасын түзүп берген Интернет жаш муундун тилдик маданиятын калыптандырып жаткандыгы шексиз. Ал – баарлашуу шартын гана эмес, тилдик жүрүм-турум эрежелерин да таңуулаган өзгөчө коммуникативдик чөйрө. Соцтармактардын пайда болушу менен тилдик баарлашуунун жаңы түрү жаралды десек болот, ал редакцияланбаган, эркин түзүлгөн, регламентацияга баш ийбеген, шашылыш курула калган, жазуу жана оозеки стилдин аралаш формасы. Жаңы тармактык чөйрөгө кирип жатып кыргыз тили да жашоонун жаңы чөйрөсүнө ыңгайлашууга мажбур болууда: веб-мейкиндигинде жазуу стили сүйлөшүү стилинин үстөмдүгүнө кабылып, функционалдык өзгөрүүлөргө учурады.

"Көптөгөн изилдөөлөр 50 жыл, 100 жыл мурдагыдай эле сабаттуулукту калыптандыруучу негизги фактор – китеп окуу экендигин тастыкташат", - дейт окумуштуу Лебедева. "Бирок эске алуучу жагдай, - дейт эксперт, – Бүгүнкү күндө окурман ар түрдүү сапаттагы тексттерге жолугат, анын ичинде интернеттин катардагы колдонуучусунун чыпкаланбаган тексти да болушу мүмкүн. Демек, "сабаттуу болуу үчүн көп оку" деген сунушка "сапаттуу гана тексттерди оку" деп тактоо киргизүү зарыл", - дейт [8].

**3-орунда Бишкек шаарыбыздын туш тарабында илинген, көз жоосун алган, кыжырды келтирген көрнөк-жарнактар.** И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын

студенттери менен биргеликте 2017-жылы Бишкек шаарындагы И. К. Ахунбаев, Байтик баатыр көчөлөрүндө, Манас, Киев, Чүй проспектилеринде жайгашкан көрнөк-жарнак, мекеме, ишканалардын аталыштарын сүрөткө тартуу, тасмага түшүрүү иштери аткарылып, сабатсыз жазылгандары (грамматикалык, стилистикалык, пунктуациялык каталарга жол берген) изилдөө объектисине айланган. Алгач сөз чет тилдеринде даярдалган көрнөк-жарнактарын мамлекеттик тилге которууда кетирилген каталар тууралуу болмокчу. Айрым котормолорду кыргызча деп айтууга оозуң барбайт. Анткени алар кайсы бир мүчөнү улоонун жардамы менен гана кыргызчаланган же түп нускадагы мааниден бир топ алыс турат.

Экинчи тайпа грамматикалык, стилистикалык, пунктуациялык каталар кетирилген тексттерди камтыйт. Мекеменин аталышы жазылган тактайча – ошол мекеменин жүзү. Себеби ал – андагы жүргүзүлгөн иш-аракеттер тууралуу маалымат берүүчү алгачкы булак. “Эшигин көрүп, төрүнө өт” деген кыргыз макалынын философиясы ушул жерде орундуудай сезилет. Аларды көрүп, кат-сабаты жоюлбаган адам тарабынан даярдалган тактайча мекеме жетекчисинин текшерүүсүнөн кантип өттү деген ойго келесиң...

***Биздин рейддин жүрүшүндө*** 179 көрнөк-жарнак талдоого алынып, ***алардын 52%ында*** ар кыл каталарга жол берилгендиги аныкталды. Бул аз көрсөткүч эмес. Жүрөк өйүгөн далилдерден кийин, улуттук тилге укуктук коргоочу издеп, өлкөбүздүн эң негизги саясий-укуктук документи болуп саналган баш мыйзам – Конституциябызды барактадык. Анын 27-беренесинде “Кыргыз Республикасында жарнактар, кулактандыруулар, прейскуранттар жана башка көрүнөө маалыматтар адегенде мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде, зарыл учурларда башка тилдерде да жол-жоболоштурулат. Башка тилдердеги тексттин ариби мамлекеттик тилдин арибинин өлчөмүнөн чоң болбоого тийиш ”, - деп жазылып турат.

Бул мыйзамдын барак жүзүндө гана калбай, ишке ашырылып жаткандыгын билүү максатында Бишкек шаардык Мэриясынын алдындагы Маалымат жана жарнак департаментине кайрылганыбызда, мындай жооп алдык. Бул уюм 1998-жылы “Үгүт” деген аталышта маалымат агенттиги катары уюшулуп, 2011-жылы Жарнамалык агенттик болуп кайрадан түзүлөт. Бүгүнкү күндө алардын милдети жарнамаларды көчөгө илүүгө уруксат берген документтерди берүү менен гана чектелет. Ар жумада департаменттин кызматкерлери тарабынан сырткы көрнөк-жарнактар текшерилип, талапка жооп бербегендери демонтаж кылынат экен. Бирок көрнөк-жарнактардын ээсин, мекеменин жетекчилерин жоопко тартып, кандайдыр бир деңгээлде жазалоо укугу берилбегендиги белгилүү болду. Мамлекеттик тилге байланыштуу мыйзамдардын аткарылышын текшерүү – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын милдети. Ал эми талап аткарылбаган учурда Монополияга каршы комиссия жазалоого тийиш.

Эч ким чечүүгө шашылбаган, топтой туш тарапка ыргытылган бул жагдай 2011-2012 жылдары Кыргыз-Түрк “Манас” университети тарабынан Кыргызстандын бардык аймактарында жүргүзүлгөн “Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында” аттуу пилоттук изилдөөнүн жыйынтыгынын тууралыгын дагы бир жолу тастыктап турган сыяктуу. Сурамжылоого катышкан 2000 респонденттин 74,1% кыргыз улутуна тийиштүү оң сапат катары меймандостукту аташкан. Меймандостук жакшы сапат дегенибиз менен, 80дей улуттун башын бириктирген өлкөбүздө иш-аракеттердин көпчүлүгү так ошол меймандарга ылайыкташтырылгандыгы жагымсыз таасир калтырат. Мисалы, көрнөк-жарнактардын чет тилдерде котормосуз илингендиги. Улутубузга мүнөздүү оң сапаттардын тизмесинин 5-катарына араң илинип, 18,9% гана добушка ээ болгон улутчулдугубуз да

далилденген сыяктуу. Бүгүнкү күндө эне тилибиздин өз жеринде өгөйлөнүп, босогодон төргө жете албай, мүңгүрөп турганы биз өксүп жаткан улуттук духтун жоктугу эмей эмине?!

Жогорудагы мисалдардан же “оорунун белгилеринен” улам коомубуз сабатсыздыктын эпидемиясына кабылганына ынанууга болот. “Шибегени капка ката албаган” сыңары, бул көңүл бөлбөй коюучу маселелерден эмес. Чындыгында эле мындай одоно каталарга “1-2 катадан эч нерсе болбойт, мааниси өзгөрбөсө болду” дегендей мамиле америкалык окумуштуулар аныктаган “сынык терезелер” теориясына үндөшөт. Себеби системаны каталар мүнөздөбөйт, анын каталарга болгон реакциясы мүнөздөйт.

Жазма кеп – коомду байланыштыруучу маанилүү маданий фактор. Жазуу тексттери – ар бир адамды курчаган маанилүү компонент, дүйнө, аалам тууралуу маалымат берүүчү негизги булак. Ошондуктан коом өз маданиятынын, жамааттык интеллектинин көрсөткүчү катары тилдик нормаларга өтө сезгич болушу зарыл.

**Адабияттар:**

1. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%94%D0%B8%D1%81%D0%B3%D1%80%D0%B0%D1%84%D0%B8%D1%8F);
2. https://infourok.ru/issledovatelskaya-rabota-na-temu-razvitie-zritelnoy-pamyati-kak-sredstva-korrekcii-smeshannoy-disgrafii-u-mladshih-shkolnikov-658716.html;
3. Логинова, Е. А. Нарушения письма. Особенности их проявления и коррекции у младших школьников с задержкой психического развития : Учебное пособие [Текст] / Е. А. Логинова. Под ред. Л. С. Волковой. - СПб.: «ДЕТСТВО-ПРЕСС», 2004. - 208 с.
4. https://rsv.ru/blog/metodika-25-kadr-vymysel-ili-pravda/;
5. Бешенкова, Е. В. Теория и практика нормирования русского письма [Текст] / Е. В. Башенкова, О. Е. Иванова. - М., 2016. - 424 с.
6. https://kaktus.media/doc/397891_bylan_institut:_prichina_problem_s_ychebnikami_neprofessionalizm_i_bezotvetstvennost_moin.html;
7. Билл Ковач, Журналистиканын негиздери [Текст] / Билл Ковач, Том Розенстил. Кырг. которгон Орунбеков Б. - Бишкек, 2011.
8. https://www.pnp.ru/social/lingvist-rasskazala-chto-vliyaet-na-gramotnost.html;
9. Карасаев Х. К., Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. [Текст] / Х. К. Карасаев. –Бишкек, 2009.
10. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (соңку редакциясы). [Текст]. –Бишкек, 2016.